УДК 338.48

# ТУРИЗМ - УЛУТТУК ЭКОНОМИКАБЫЗДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЭҢ ОРЧУНДУУ БӨЛҮГҮ
# ТУРИЗМ – ЧАСТЬ РАЗВИТИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ ЭКОНОМИКИ
# TOURISM- THE PART OF THE DEVELOPMENT OF NATIONAL ECONOMY

***Эмилбекова Р. Ю. - улук окутуучу, Дүйшөнбиева З. – окутуучу,***
***Жалал-Абад Мамлекеттик Университети***
***Филология факультети. Лингвистика кафедрасы.***

*Аннотациялар:Бул макалада Кыргызстандын кооз тарыхый жерлери чагыдырылып, экономиканы көтөрүү үчүн туризмди өнүктүрүү орчундуу маселе экенине көңүл бөлүндү.*

*В этой статье подчеркивая исторические и красивые земли Кыргызстана, было уделено внимание на проблемы развития экономики.*

*In this article highlighting the historical and beautiful land of Kyrgyzstan, was the attention to the problems of economic development.*

Жери кооз, байлыгы мол,суусу тунук
Көргөндүн тартып турат көөнүн буруп,
Аска–зоо,карагай-чер, кокту-колот,
Тойбоймун мен сонунга карап туруп.
Жашоодон ырыс күтүп кыргыз эли,
Мекенге сыймыктанат, өмүр сүрүп.

Акындарыбыз жүрөгү менен туюп, көзү менен көрүп, калемдин учу менен кагазга жазып, Кыргызстандын жаратылышынын кооздугун, сулуулугун, байлыгын даңазалашат. Биз, кыргыз эли ушундай “Борбордук Азиядагы Швейцария” атагын алып келе жаткан жерибизде жашоо менен гана өмүр кечиребиз. Туризмди өнүктүрүү биздин өлкөнүн экономикалык абалын которуу үчүн эң зарыл олутуу маселе экенин билебиз.

Кыргызстан экологиялык туризмди сүйгөн туристтер үчүн эң эле кооз кызыктуу өлкө. Мамлекеттин ичинде 6 корук, 8 улуттук мамлекеттик жаратылыш паркы, 10 токой, 23 ботаникалык, 17 геологиялык, 15 анчылык, 2 комплекстүү корукчалар жана бүткүл Ыссык-Көл облусунда 1 биосфералык аймак бар. Кыргызстандын жети облусунда тең туристтериди кызыктуруучу

жерлер жайгашкан. Талас облусунда (Беш-Таш) мамлекеттик паркы. Жалал-Абад облусунда (Беш-Арал) коругу, Сары-Челек биосфералык коругу, Саймалуу-Таш мамлекеттик паркы. Чүй облусунда (Ала-Арча) улуттук жаратылыш паркы. Ысык-Көл облусу ( Ысык-Көл) биосфералык аймагы. Нарын облусу  Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу, Салкын-Төр мамлекеттик паркы, Нарын мамлекеттик коругу, “Кара-Көл” улуттук паркы. Ош облусу “Кара-Шоро” мамлекеттик паркы. Жогоруда айтылган жайларда китепке киргизилген жаныбарлардын көптөгөн түрлөрү, баалуу карагайлар, 40 түрдүү сейрек кездешүүчү сүт эмүүчүлөр, көп сандаган петрөглифтер, альпы төөлор, ар түрдүү ден соолука пайдалуу минералдык сууларды кездештирүүгө болот.

Тарыхый эстеликтердин бири Саймалуу-Таш тоосу.Аскаларга чегилген 90 миңден ашуун петроглифтер кыргыздын ата-бабалырынын турмушунун бүтүндой бир доорун чагылдырып берет. Бул сүрөттөрдө ата-бабаларыбыз биздин эрага чейинки биринчи миң жылдыктын  III кылымынан тартып биздин эранын VIII кылымына чейин тартылган.  Петроглифтер адамдардын турмуш тирчилигин, аңчылык сценаларын жана башка көптөгөн ата-бабаларыбыздын көз караштарын чагылдырган. Саймалуу-Таш туристтер үчүн баалуу жай. Ошондой эле уникалдуу архитектуралык эстелик Таш-Рабат. XV кылымдагы таштан жасалган Кербен сарай таш сепил Кыргызстан менен Кытайдын чек арасына жакын Борбордук Тянь-Шандын тоо кыркалары менен курчалып 3600 метр бийиктикте жайгашкан. Ошондой эле тарыхка кызыккан туристтер үчүн Бурана тарыхый архитектуралык комплекси,  Улуттук “Манас-Ордо”  поэтикалык уникалдуу эстелиги, 2000 жылдан ашык жашап келе жаткан  Өзгөн шаары, көркөмдүү Сулайман-Тоосу бар. Алардын тарыхына токтоло турган болсок: Бурана тарыхый архитектуралык комплекси  X-XI кылымдарга таандык.Анын пайда болуш тарыхына көптөгөн легендаларга байланыштуу.Алардын бири боюнча, бул мунара өлүмү каракурттан болот деп алдын ала айтылгандан улам жалгыз кызынын өмүрүн сактап калуу үчүн кудиретүү хан тарабынан курулган.Бирок ал кыз өлүмдөн кутула албаптыр. Ал эми уникалдуу поэтикалык “Манас-Ордо” комплекси көп кылымдар мурда бул жерге кыргыз эпосунун айтылуу баатыры Манастын сөөгү коюлган. Эстелик “Манастын күмбөзү”  деп аталат. Комплестин жалпы аянты 225 гектар,территорияда руникалык жазуулардын 10 дон ашуун эстеликтери, петроглифтер дагы сакталып калган. Манас-Ордо комплекси Талас шаарынан 13 ккм аралыкта жайгашкан. Кыргызстанда тарыхый-маданий эстеликтерди сүйүүчүлөргө дагы тан каларлык жерлер бар.

Мындай туристтик жайлардын бири- ыйык Сулайман Тоо. Ал кыргыстандын түштүгүндөгү Ош шаарында жайгашкан. XVI кылымга чейин алтоо Бара-Кух деп аталган. Андан кийин XX кылымга чейин Тахт-и Сулайман (Соломондун тахтысы) деп аталып келген. Тоонун чокусунда “Тахт-и Сулайман”, “Абдулло хандын рабаты” деген мечиттери бар. Аны тарыхчылар Бабур хандын башкаруу мезгилине таандык дешет. Тоонун беш чокусунда жана анын капталдарында көптөгөн байыркы храмдар жана аска бетинде чегилген сүрөттөр менен үнкүрлөр бар. 2009-жылы июнь айында Сулайман Тоо ЮНЕСКО нун Бүткүл Дүйнөлүк Маданий мурастарынын тизмесине кирген Кыргыстандагы эстелик болуп калды. Өлкөдө жана андан тышкары да атактуу болгон “Көгүлтүр Ыссык-Көл”, “Кыргыз деңизи”, “Чолпон-Ата”, “Ыссык-Көл”, “Аврора” ири больнеологиялык санаториялык жүрөк кан тамыр системасынын ооруларын. Өпкөнүн өнөкөт ооруларын дарылайт. Бул жерде борбордук нерв системасынын функционалдык бузулушун, гинекологиялык өнөкөт сезгенүүлөр, таяныч кыймыл органдрынын оорулар, тери оорулары дарыланат. Дарылоо үчүн аба жан күн ванналары, ошондой эле баткак менен дарылоо колдонулат. Спелеотерапия курсу өткөрүлөт. Республикада 2 адистештирилген санаторий бар: кардиологиялык “Кыргызстан” жана “Чон-Туз” спелеологиялык, анда тоо климаты менен туз шахтасынын микроклиматынын шарттарында дамдын организмине жагымдуу таасир берилет. Кыргызстанда кымыз менен дарылоо да кенири таралган. Кымыз- бул бээнин сүтүнөн ачытылган кычкыл суусундук. Кымыз туберкулез, цинга, гастрит, уйку безини ооруларына, аз кандуулукта, жүрөк кан тамыр ооруларында ичкелтеде пайдаланылат.

Биздин мамлекетте туризмди өнүктүрүүгө көп жайлар болсо да анча өнүккөн эмес. Анткени, өлкөбүздөгү бюрократия, коррупция, банк системасынын чабалдыгы, мыйзамдарыбыздын чийкилиги болуп жатат. Андан сырткары коншу өлкөлөрдүн саясаты мамилеси туристтерге тоскоол болуп жатат. Казакстан менен Өзбекстанга виза алуу паспорт баажы текшерүүлөрү менен туристтер чек араларда эле бир топ убакытын жоготуп күтүү менен маанайлары чөгүүдө. Ошодой эле өлкөбүздөгү саясаттын туруксуздугу. Кемчиликтердин катарына өлкөбүздүн авиакомпаниясынын бечелдиги, жолдорубуздун начардыгы, телефон комуникация байланыш каражаттарынын учур талабына жооп бербегендигин кошууга болот.

Кандай гана экономикалык система болбосун инвестициялоо анын онүгүүсүнүн негизи болот. Аны топтоонун жана натыйжалуу пайдалануунун деңгелин жогорулатуу. Учурдагы кризистик абалдан чыгууга жана

ондүрүштү онүктүрүүгө жол ачат . Өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн негизги фактору ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү, ички жана сырткы инвестициялык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу болуп саналат. Учурда инвестициялык ресурстардын тартыштыгы, материалдык техникалык базаны эскирип, бүгүнкү күндүн талабына жооп бербестиги сатып алына турган материалдык ресрустардын жана жабдуулардын бааларынын өсүшү жана өлкөбүздүн ички рыногундагы тартыштык, бюджеттик каржылоонун жоктугу жана инвестициялык активдүүлүктүн төмөндүгү кайра иштетүүчү тармактын башка тармактардан техникалык, экономикалык жана уюуштуруучулук параметрлери боюнча артта калуусуна алып келди.

Кыргызстандын экономикасынын начар өнүгүүсү, бул мамлекттик инвестициялоонун төмөңкү деңгээли. Ошондой эле ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлордун активдуулугунун төмөндүүлүгүндө. Кыргызстан жаш жаңы эгемендүүлүккө ээ болуп, рынок мамилелерине өтүү кадамына койгон өлкөгө өзгөчө экономиканын бардык тармактарында инвестициялык салымдар манилүү орунду ээлейт. Эн биринчи өлкөбүздөгү саясиий туруктуулукту, тартипти бекемдешибиз керек. Эгерде чет жактан инвесторлорду тартсак, анда жолдорду, телефон коммуникациясын, эс алуучу жайларды, техникаларды жакшыртып, айыл чарбасын, женил өнөр жайларды иштетип, мамлекеттин казынасына пайда алып келебиз. Жумушчу орундарды түзүп,миграция агымын аз болсо да азайтабыз.

Менин макаламын аягында, туризмди өнүктүрүү менен улутубуздун экономикасын көтөрүү эле эмес, коомдук маданиятын, эл аралык кадыр-баркын жана кыргыз элинин улуттук сыймыгын даңазалоо болот деп ишенем.

Адабияттар:

1. Кыргыз республикасынын географиясы 9-кл. 1998-жыл Бишкек. Авторлор: Н.Б.Бакиров, А.И.Исаев, А.О Осмонов.
2. Супер инфо 2010-жыл 17-23 сентябрь.
3. Кыргызстан тарыхы. Энциклопедия.
4. Азаттык. Кабыл Макеш.
5. Голд Пресс. Бишкек.
6. “Ала-Тоонун байлыгы” Шамей Токтобай уулу. Бишкек-2002

Рецензент: Асанова К.А. – б.и.к., доцент